DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Нусубалиева Е.Ш.*

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОЖДУН ШАРТЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Нусубалиева Е.Ш.*

# ФОРМИРОВАНИЕ ГРАЖДАНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ У СТУДЕНТОВ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ВУЗОВ

*E.Sh. Nusubalieva*

# FORMATION OF CIVIC IDENTITY AMONG STUDENTS IN A PEDAGOGICAL UNIVERSITY

*УДК: 37.017.4.*

*Бул макала жогорку окуу жайлардын студенттеринин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча өзгөчөлүктөрдүн актуалдуулугун ачып берет, «жарандык иденттүүлүк» түшүнүгүн иштеп чыгуу зарылдыгын аңдап-түшүнүүгө карай бет алган окумуштууларда бул көрүнүштү түшүнүүгө карата бирдиктүү көз караш жоктугун, илимий адабияттарды талдоо көрсөтүп турат. Изилдөөчүлөрдүн илимий кызыгууларынын айлампасына жарандык иденттүүлүк маселеси кандайча аралашкандыгына жараша аны изилдөөнүн негизги аспектилери тандалат. Автор студенттердин жарандык иденттүүлүгүн изилдөөдө жаралган көптөгөн маселелеринин арасынан педагогикалык илимий көз караштан алганда «студенттин жарандык иденттүүлүгү» кубулушунун түзүлүшүн жана анын компоненттеринин мазмунун негиздемелөө менен, студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн компоненттеринин функцияларын аныктоо менен, студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга карата мамилелерди жана калыптандыруунун принциптерин аныктоо менен, программаны иштеп чыгуу жана жогорку билим берүү мекемелеринин студенттеринде жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун методдорун аныктоо менен байланышкан суроолорду изилдөө зарылдыгын белгилейт.*

***Негизги сөздөр:** актуалдуулук, илимий адабияттарды талдоо, калыптандыруу, студенттер, жаран, иденттүүлүк, жарандык иденттүүлүк, жарандык коомчулук, толеранттуулук, баалуулуктар.*

*Статья раскрывает актуальность особенностей по формированию гражданской идентичности студентов высших учебных заведений, анализ научной литературы показывает, что у ученых, пришедших к осознанию необходимости разработки понятия «гражданская идентичность», отсутствует единая точка зрения относительно понимания данного явления. В зависимости от того, как проблема гражданской идентичности вписана в круг научных интересов исследователей, выбираются основные аспекты ее изучения. Автор отмечает, что среди многих проблем, возникающих при изучении гражданской идентичности студентов, необходимо исследовать вопросы, которые связаны с обоснованием структуры явления «гражданская идентичность студента» и содержания ее компонентов, с определением функций компонентов гражданской идентичности студентов, с определением подходов к формированию и принципов формирования гражданской идентичности студентов, с разработкой программы и с определением методов формирования гражданской идентичности студентов в учреждениях высшего образования с педагогической научной точки зрения.*

***Ключевые слова**: актуальность, анализ научной литературы, формирование, студенты, гражданин, идентичность, гражданская идентичность, гражданская общность, толерантность, ценности.*

*The article reveals the urgency of peculiarities in the formation of civic identity of students in higher educational institutions. The analysis of scientific literature shows that scientists who come to the realization of the need to develop the notion of "civil identity" do not have a single point of view regarding the understanding of this phenomenon. Depending on how the problem of civil identity is inscribed in the range of scientific interests of researchers, the main aspects of its study are selected. The author notes that among the many problems that arise in the study of the citizens 'civil identity, it is necessary to investigate issues related to the substantiation of the phenolmenon the structure of the "student's civil identity" and the content of its components; the definition of the functions of the components of the students' civil identity; the definition of approaches to formation and principles formation of civic identity of students; the development of a program; the definition of methods for the formation of civic identity of students in institutions in higher education; teaching the scientific point of view.*

***Key words:** actuality, analysis of scientific literature, formation, students, citizen, identity, civil identity, civic community, tolerance, values, civic behavior, activity.*

Жарандык коомду куруу менен, коом тарабынан трансляциялануучу адамдардын кызыкчылыктарын макулдашуусуна жана баалуулуктардын өз ара жуурулушуна дайыма эле алып барбаган, биргелешкен дүйнөнүн барган сайын өскөн коммуникациялык биримдүүлүгү менен байланышкан маселелер социалдык ориентирлердин жок болушун, «жарандык толук баалуу эместиктин» комплексин жаратат. Азыркы адам дайыма эле өзүн коомдун жараны катары жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ошол эле убакта инсан, жекече адам катары өзүн көрсөтө ала албайт.

Адамдардын бири-биринен айырмалангандыгына, өздүк суверендүүлүктү сактоо ар бир адам үчүн маанилүү болуп саналгандыгына карабастан, адам баласы социумдан тышкары жашай албайт. «Адам өзүн кайсыл бир системага тиешелүү катары кошуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек, ал система анын жашшоо-тиричилигине багыт көрсөтүп жана ага маңыз берип турат; болбосо адамды күмөн саноолор бийлеп алып, акыр аягында, анын жөндөмдүүлүктөрүн, демек, жашоосун дабайлап салат» (Э. Фромм). Адамдын «жашоо» жөндөмдүүлүгү ири даражада анын коомго жаран катары тиешелүүлүгү менен камсыздалат.

Буга байланыштуу маанилүү социалдык-педагогикалык маселелердин бири болуп жаштардын жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу маселеси саналат.

Инсандын иденттүүлүгү көйгөйү – бул салыштырмалуу жаңы илимий маселе. Иденттүүлүк кубулушуна арналган илимий адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, психоаналитикалык концепцияда (А. Ватерман, Дж. Марсиа, З.Фрейд, Э.Эриксон) негизги көңүл МЕНдин автономдуулугун аңдоо жана аны менен байланышкан сезимдерди баштан кечирүү катары иденттүүлүктү калыптандыруунун терең механизмдерине бурулган (өздүк МЕНди жоготуп алуу коркунучу ж.б.); символикалык интеракционизм окуусунда (И.Гоффман, Дж.Мид, Г.Фогельсоп, Ю.Хабермас) иденттүүлүк өздүк социалддык ролду анын башкалар тарабынан кабыл алынышынын призмасы аркылуу аңдап-түшүнүү катары трактовкаланат; когнитивдик психологияда (Г. Брейкуэлл, Г. Тэджфел, Дж. Тэрнер) – ошол коомчулукка же топто тиешелүү болгон адамдардын окшоштуктарын түшүнүүнүн эмоционалдык боектолгон процесси катары каралат.

Көптөгөн окумуштуулар тарабынан иденттүүлүк индивиддин башкалар – башка адамдын жан дүйнөсү менен, башка адамдын баалуулуктары менен, жарандык биримдүүлүгү менен ж.б. айкалышуу, катышуу процессинин натыйжасы катары таанылган.

Иденттүүлүктүн түзүлүшү, эң алды менен, инсандын бүтүндөй жекечелигин, ошондой эле анын социалдык айланага карата багыттуулугун чагылдырат (С.А. Баклушинский, Е.П. Белинская, А.С. Гаязов, В.С. Малахов, Н.Г. Орлова, В.И. Павленко, Т.Г. Стефаненко ж.б.).

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн предмети иденттүүлүктүн ар кыл типтери болуп саналат: социалдык (Х. Беккер, Дж. Дэвис, Р. Тернер, Т. Триапдис, Г. Тэджфел, Дж. Тэрнер, Э. Эриксоп, Л.С. Выготский, Д. Каган, И.С. Кон, Б.Ф. Поршнев, М. Розенберг, Е.Т. Соколова, В.В. Столин, В.А. Ядов), этникалык (Г. Олпорт, М. Рокич, Б. Смит, Е.Н. Данилова, Jl.М. Дробижева, М.Ф. Черныш), маданий (В. Библер, К. Лаш, М. Фуко, Д. Харви, В.А. Ачкасов, Ю. Давыдов, В.Давидович, А.П. Марков, Н.В. Тишунина), персоналдык (Э.Фромм, Ю.Хабермас, И.С.Коп, Э.В. Ильенков, Б.Ф. Поршпев, СЛ. Рубинштейн), жарандык (А.Г.Асмолов, Т.В. Водолажская, А.М. Кондаков, И.В. Конода, Н.С. Попов, М.А. Юшин).

Илимий адабияттарды талдоо «жарандык иденттүүлүк» түшүнүгүн иштеп чыгуу зарылдыгын аңдап-түшүнүүгө бел байлаган окумуштууларда бул көрүнүштү түшүнүүгө карата бирдиктүү көз караштын жоктугун көрсөтүп турат. Жарандык иденттүүлүк маселеси изилдөөчүлөрдүн илимий кызыкчылыктарынын айлампасына кошулгандыгына жараша аны изилдөөнүн негизги аспекттери тандалат:

- жарандык иденттүүлүк көптөгөн категориялардын арасынан каралат (жыныстык, жаш курактык, этникалык, диний ж.б.) жана топко тиешелүү инсандын базистик керектөөлөрүн ишке ашыруу катары аныкталат (Т.В. Водолажская) [1];
- инсандын саясий-укуктук компетенттүүлүгү, саясий активдүүлүгү, жарандык катышуусу, жарандык биримдүүлүк сезимдери мазмунунда бөлүнүп турган саясий багытталган категория катары бааланат (И.В. Конода) [2];
- адамдын, ал үчүн олуттуу мааниге ээ болгон, тигил же бул мамлекеттин жарандарынын биримдүүлүгүнө тиешелүүлүгү аңдалат (А.Данилюк, А.М. Кондаков В. А.Тишков) [3];
- инсандыкты өздүк жарандык абалды баалоо, жарандуулук менен байланышкан милдеттерди аткарууга, укуктарды пайдаланууга, мамлекеттик жашоосуна жигердүү катышууга даярдык жана жөндөмдүүлүк катары, жаран статусуна окшош деп билдирет (М.А. Юшип) [4].

Биздин изилдөө менен тематикалык жактан байланышкан изилдөөлөрдү аңдап-түшүнүү жарандык иденттүүлүк маселеси, эреже катары, социалдык деңгээлде изилденгенин жана изилденип жаткандыгын көрсөтүп турат:

- улуттук-жарандык иденттүүлүктөрдү калыптандыруу контекстинде этностор аралык толеранттуулукту колдоп туруу тенденциялары изилденет;
- социалдык-гуманитардык багыттардагы студенттердин мамлекеттик-жарандык иденттүүлүгүнүн мазмуну аныкталат (Е.М. Арутюнова) [5];
- жаштардын жарандык иденттүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталып белгиленет (Е.А. Гришина) [6] ж.б.у.с.

Каралган изилдөөлөрдүн ири салымын белгилөө менен, Кыргыз Республикасында студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу маселеси, жарандык билим берүү жана тарбиялоо менен байланышкан маселелер изилдөөчүлөрдүн көңүл талаасында болгондугуна карабастан, педагогикалык теорияда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



дээрлик түшүндүрүлбөгөндүгүн моюнга алуу кажет. Атайын изилдөөнүн предмети жогорку окуу жайлардагы студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруучу педагогдун ишмердүүлүгү болгон эмес, ошондуктан биз бул маселе өтө тыкыр изилдөөнү талап кылат деп эсептейбиз.

Студенттердин жарандык иденттүүлүгүн изилдөөдө жаралган көптөгөн маселелердин ичинен, «студенттин жарандык иденттүүлүгү» кубулушунун түзүмүн негиздемелөө менен байланышкан суроолорду жана студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн компоненттеринин функцияларын аныктоо менен; студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга жана калыптандыруунун принциптерине карата мамилелерди аныктоо менен; жогорку билим берүү мекемелеринде студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу программасын иштеп чыгуу менен жана аны калыптандыруунун методдору менен, анын компоненттеринин мазмунун жана бир катар башка суроолорлу изилдөө зарыл.

Бул көйгөйдүн булагы студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун практикалык зарылдыгы менен студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруунун практикалык багытталган концепцияны иштеп чыгуу үчүн теориялык негиздерди педагогикалык илимде жетишсиз берилбегендигинин ортосундагы карама-каршылык болуп саналат.

Бул карама-каршылыктын чечүү жолдорун табуунун милдеттери (умтулуулар) изилдөөнүн көйгөйүн аныктады.

Теориялык планда – бул студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу концепциясын иштеп чыгуу маселеси, ал эми практикалык планда – студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу боюнча программаны иштеп чыгуу.

Азыркы билим берүүнүн милдеттеринин бири студенттердин өзүн жарандык коомчулук менен, анын баалуулуктары жана ченемдери менен өзүн катышта, айкалышта кароо жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу милдети болуп саналат, бул болсо өзүң жарандык коомчулукка тиешелүү болгондугун аңдап-түшүнүүгө, өзүн өз өлкөсүнүн жараны жана жарандык коомчулуктун мүчөсү катары көрүүгө мүмкүндүк берет. Билим берүү, ар кыл маданияттарды субъекттери болуп саналган, ар кыл көз караштардагы жана ишенимдердеги адамдардын ортосундагы мамиле-катыштар мейкиндигинде «бири-бири менен айкалышта жашоого» үйрөтүү менен, студенттерге адамдар ортосундагы, маданияттар ортосундагы адилеттүү компромиссти табууга багыт берет. А бирок, студенттерде иденттүүлүк, жарандык, жарандык коомчулук, толерантуулуктун, айкөлдүктүн, асылзаадалыктын баалуулуктары ж.б. жөнүндө көз караштарды, ошондой эле жарандык жүрүм-турум жана ишмердүүлүк тажрыйбасын калыптандырууга умтулушкан педагогдор да студенттердин практикалык натыйжага жетишүүсүн камсыздаган методдорго толук ээ эмес болушат. Бул карама-каршылыкты чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорунун бири студенттердин, жогорку билим берүүнүн бардык мекемелеринде инсандык калыптанышы катары жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу болуп саналат.

Студенттердин жарандык иденттүүлүгүн калыптандыруу процессинин мазмунун негиздемелөө, биздин баамыбызда, жарандык иденттүүлүктүн түзүмдүк компоненттеринин мазмунунан улам жүзөгө ашырылышы керек. Педагогдун ишмердүүлүгүнүн багыттарынын жарандык иденттүүлүгүнүн адекваттуу компоненттеринин алкагында ишке ашырылуучу мындай мазмундун булактары болуп төмөнкү «иденттүүлүк», «жаран», «жарандык коомчулук», «жарандык» категориялары; понятия «толеранттуулук», «асылзаттык», «айкөлдүк», «жоопкерчилик», «милдет», «сыймык», «адилеттүүлүк» жана баалуулук маанисине ээ болгон башка түшүнүктөр; адамдардын жүрүм-турумдарында жана аракеттеринде каралган жарандык жүрүм-турумдун жана ишмердүүлүктүн жалпыланган тажрыйбасы саналышат. Бул тажрыйба студенттердин баалуулуктар менен «иш алып баруусун» аныктаган, баалуулуктарды жүзөгө ашыруунун ыкмасы катары жарандык жүрүм-турум менен ишмердүүлүктө ишке ашырылган мамилелерде таризделген.

Биздин изилдөөбүздүн жыйынтыгында биз төмөнкүлөрдүн болушун божомолдойбуз:

- студенттин инсандык калыптанышы катары жарандык иденттүүлүктүн түзүмү ачылган, ошондой эле анын компоненттеринин мазмунун жана алардын функциялары негиздемеленген;
- студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн калыптануу концепциясын аныктаган мамилелер жана принциптер ачылган.

Ошондуктан мектеп окуучуларынын жарандык иденттүүлүгүн калыптандырууга карата, баалуулуктарды ишке ашыруу менен байланышкан, баалуулук мамилесинин маңызы студенттер тарабынан чынчылдык, адилеттүүлүк, жоопкерчилик, айкөлдүк, асылзаттык ж.б. түшүнүктөрдүн маңызын ачууга багытталат.

Баалуулук мамилесинин маңызынын эң эле адекваттуусу болуп баалуулуктук багыт берүү принциби, субъективдүүлүк принциби, билим берүү процессинин рефлексивдүү багыттуулук принциби, аракеттүүлүк принциби, абийирдин диктаты принциби саналат; ал эми этномаданий мамиленин маңызында – маданий иденттүүлүк принциби, элдүүлүк принциби, маданияттардын диалогу принциби. Башка маданиятка кирүү менен байланышкан, студенттердин жарандык иденттүүлүгүнүн калыптанышына карата этно-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



маданий мамилелердин маңызы башка маданияттардын субъекттери менен биригүүгө алып баруучу, башка маданияттардын субъекттери катары жарандардын биригүү кубулушу менен өзүн салыштырууга мүмкүндүк берүүчү, толеранттуулуктун маңызын студенттер тарабынан ачууга багытталган.

**Адабияттар:**


1. Водолжская Т.В. Этничность и гражданство в восприятии белорусов трех поколений / Т.В. Водоложская, Л.И.Науменко // Социология. - 2006. - №2. - 53-59-бб.
2. Копода И.В. Становление гражданской идентичности россиян в процессе политической социализации: автореферат Дисс. канд. полит. наук / И.В. Копода. - М., 2007. - 28 б.
3. Данилюк А., Кондаков А.М., Тишков В.А. Концепция духовно-нравственного развития личности гражданина России в сфере общего образования.
4. Юшин М.А. Политические механизмы формирования гражданской идентичности молодежи в современной России: автореферат Дисс. канд. полит. наук / М.А. Юшип. - Тула, 2007. - 24 б.
5. Арутюнова Е.М. Формирование государственно-гражданской идентичности молодежи (на примере московских студентов, автореферат Дисс. канд. полит. наук / И.В. Копода. - М., 2007 - 28 б.
6. Гришина Е.А. Российская молодежь: проблемы гражданской идентичности. - М.: Социум, 1999.
7. Арутюнова Е.М. Формирование государственно-гражданской идентичности молодежи (на примере московских студентов, автореферат дисс. канд.полит.наук / И.В.Копода. - М., 2007. - 28 б.
8. Водолжская Т.В. Этничность и гражданство в восприятии белорусов трех поколений / Т.В. Водоложская, Л.И.Науменко // Социология. - 2006. - №2. - 53-59-бб.
9. Гришина Е.А. Гражданская идентичность российской молодежи автореферат Дисс. докт. социол. наук. - М. 2000. - 35 б.
10. Данилюк А., Кондаков А.М., Тишков В.А. Концепция духовно-нравственного развития личности гражданина России в сфере общего образования. - 28 б.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Пак С.Н.**